**2024-2025-окуу жылындагы**
**Кыргыз Республикасынын «БИРИНЧИ МУГАЛИМ»**
**СЫНАГЫ жөнүндө ЖОБО**

**13-СЫНАК**

29.10.2024-ж

Санжарбек Данияровдун коомдук фонду (СДКФ) 2024/2025-окуу жылында Кыргыз Республикасынын айылдык башталгыч класстарынын мугалимдери үчүн кезектеги (№ 13) «Биринчи мугалим» сынагын (мындан ары - 13-Сынак) уюштуруп келет. «Биринчи мугалим» - бул башталгыч класстын мугалими, мыкты мугалим, Чыңгыз Айтматовдун ушул эле аталыштагы повестинин каарманы.

Сынак КР Билим берүү жана илим министрлигинин макулдугу менен өткөрүлөт.

**Сынактын 2011-жылдан берки баяндамасы** фонддун сайтында жарыяланат: www.daniyarov.kg. Сайттын сынакты чагылдырган рубрикалары:

билим берүү › биринчи мугалим сыйлыгы
билим берүү › биринчи мугалим сынагы
билим берүү › сынактын катышуучуларына

## § 1. 13-Сынактын максаты

- Башталгыч класстын **мугалими кесибинин жагымдуулугун жогорулатууга** салым кошуу
- **Айылдык мектептерде** мугалимдердин **иштеп калуусуна** кошумча стимул түзүү
- Айылдык мугалимдердин **кесиптик өсүүгө** болгон умтулуусун кубаттоо

## § 2. 13-Сынактын катышуучулары

- Жынысы, жашы, улуту жана иш стажына карабастан айыл жеринде жана шаардык типтеги поселкаларда жайгашкан Кыргыз Республикасынын мектептеринин **бардык каалоочу башталгыч класс мугалимдери** (мындан ары – Катышуучу) КАТЫША АЛАТ.
- Сынакка **шаардык мектептердин** мугалимдери КАТЫША АЛБАЙТ.
- Сынакка башталгыч класстардын окуучуларын **окутууга түздөн-түз катышпаган** окуу жайлардын жетекчилери жана администраторлору КАТЫША АЛБАЙТ.
- **Мугалимдер сынакка бекер катышат**

## § 3. 13-Сынактын Сыйлыктары

Сынак эки тур менен өтөт (§ 5 караңыз). Сынактын акыркы жыйынтыгы боюнча сыйлыктар:

**1-ОРУНГА:**

- 2024-2025-окуу жылындагы БИРИНЧИ МУГАЛИМ наамы жана сынактын жеңүүчүсүнүн диплому
- Сынактын негиздөөчүсүнүн коштоосунда бай маданий программасы менен дүйнөлүк борборлордун бирине 7-10 күндүк маалымат арттыруучу саякаты

**1-, 2-, 3-ОРУНДАРГА**

- Сынактын Дипломy жана ЛАУРЕАТ наамы
- Классындагы окуучулары менен дем алыш күндөрү Кыргыз Республикасынын борбору Бишкекке бай маданий программасы менен маалымат арттыруучу саякаты

**БИРИНЧИ ТУРДУН АЛТЫ ЖЕҢҮҮЧҮСҮ**

- 1-ТУРДУН ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРҮНҮН Дипломy жана эстеликке белектер

**СЫНАКТЫН 1-ТУРУНА КАТЫШКАН БАРДЫК КАТЫШУУЧУЛАР**

- Катышуучунун сертификаты жана 2-турга жана күйөрмандар жана көрүүчүлөр катары сыйлык тапшыруу аземине чакыруу

## § 4. 13-Сынактын калыстар тобу, алып баруучусу жана уюштуруу комитети

**Калыстар тобу** билим берүү системасынын 10дон кем эмес эксперттеринен турат. Калыстар тобунун курамы Фонддун Уюштуруучусу тарабынан окуу, илимий, усулдук мекемелердин кесипкөй кызматкерлеринен жана өткөн жылдардагы “Биринчи мугалим” сынагынын жеңүүчүлөрүнөн түзүлөт. Калыстар тобунун курамы баалоо процесси башталганга чейин Фонддун сайтында жарыяланат.

Калыстар тобунун мүчөлөрү сынактын ишине ыктыярдуу түрдө акы албай катышат.

2-турдун жана сыйлоо салтанатынын **алып баруучусу** ыктыярдуу түрдө акы албай иштейт.

**Сынактын уюштуруу комитети** Фонддун Уюштуруучусунан турат. Уюштуруучу уюштуруу иштерине зарылдыгына жараша ыктыярчыларды тарта алат. Уюштуруу комитети сынакты пландаштыруу, катышуучуларды маалымдоо, биринчи жана экинчи турларды уюштуруу жана өткөрүү, калыстар тобунун мүчөлөрүн тартуу жана ишин уюштуруу, катышуучулардын жыйынтыгын эсептөө, жеңүүчүлөрдү жана лауреаттарды сыйлоо, саякаттарды уюштуруу жана өткөрүү боюнча бардык маселелерди чечет. Уюштуруу комитети ыктыярдуу түрдө бекер иштейт.

## § 5. 13-Сынактын чыгымдарын каржылоо

13-Сынакты каржылоо (мурдагы бардык он эки сынактардай эле) толугу менен **Санжарбек Данияровдун коомдук фондунун (СДКФ) каражаттарынын эсебинен** каржыланат. Эсеби фонддун Уюштуруучусунун жеке салымдарынан түзүлөт.

Комментарий: Каржы булагынын чектелүүлүгүнө байланыштуу фонд Кыргыз Республикасынын жарандарынын арасынан ыктыярчыларды жана демөөрчүлөрдү тартууга кызыкдар. Долбоорду уюмдар транспорт, 2-турга жана Сыйлоо аземине зал жана борбор шаар Бишкекке болгон сапарында балдарды жайгаштыруу үчүн жай менен камсыз кылуу аркылуу колдоо көрсөтө алышат. Каржылык колдоо көрсөтүү боюнча фонддун маалыматы фонддун сайтында көрсөтүлгөн.

Мурунку сынактардын бюджети сайтта жарыяланган.

## § 6. 13-Сынактын мазмуну жана өткөрүү формалары

13-Сынак эки тур менен өтөт:

**Биринчи тур** – жазуу түрүндө аралыктан катышуу. ЖЫЛДЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА сынакка дилбаян жазуу.

Ар бир дилбаян калыстар тобунун 7 (жети) мүчөсү тарабынан 5 баллдык шкала боюнча 6 критерий боюнча бааланат (§ 6да көрсөтүлгөн), мүмкүн болгон эң жогорку балл 210 балл (7x5x6=210). Дилбаяндар калыстар тобунун мүчөлөрүнүн арасында рандомизацияланган (туш келди) тартипте бөлүштүрүлөт. Уюштуруу комитети бардык кабыл алынган дилбаяндарга уникалдуу код берет. Калыстар тобунун мүчөлөрүнө баа берүү үчүн код менен жана автордун аты-жөнү жана мектептин, аймактын аталыштары көрсөтүлбөгөн, башкача айтканда ЖАШЫРУУН түрдөгү дилбаяндар жөнөтүлөт. Дилбаяндарды баалоонун жыйынтыгы боюнча **<u>эң жогорку балл топтогон биринчи турдун 6 (алты) жеңүүчүсү</u>** аныкталат. Алар 2-турдун катышуучулары болуп калышат.

**Экинчи тур** – бетме-бет жолугушуу түрүндө, ООЗЕКИ өтөт. Анда 1-турдун 6 жеңүүчүсү **үч тапшырма боюнча** суроолорго оозеки жооп берет.

Катышуучулар тапшырмаларды жана баалоо критерийлерин биринчи турдун жыйынтыгын чыгаргандан кийин жана 2-турга чейин 10 күндөн кечиктирбестен алышат. Экинчи турда катышуучу чүчү кулактын негизинде ар бир тапшырманын ичиндеги алтыдан бир вариант алат. Натыйжада Катышуучу экинчи турда үч суроого жооп берет. Тапшырма суроосуна жооп бергенден кийин калыстар тобунун мүчөлөрү Катышуучуга тактоочу суроолорду бере алат. Жооптору курамы 10 адамдан кем эмес калыстар тобу тарабынан бааланат. Экинчи турдун жыйынтыгында БИРИНЧИ МУГАЛИМ – 1-орунга ээ болгон ЖЕҢҮҮЧҮ жана 2- жана 3-орундарга ээ болгон сынактын ЖЕҢҮҮЧҮлөрү жарыяланат.

## § 7. 13-сынактын 1-турундагы дилбаяндын темасы:

### МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН СӨГҮНГӨН АДАТТАРЫНА МУГАЛИМДИН МАМИЛЕСИ

Дилбаянда камтыла турган үлгү суроолор. Мазмуну бул суроолорго жоопторду камтышы мүмкүн, бирок алар менен эле чектелбейт:

*Башталгыч класстын окуучуларынын арасында сөгүнүү сөздөр кеңири жайылганбы? Ата-энелердин арасындачы? Мугалимдердин арасындачы? Бул көйгөйбү? "Ал убакыттын өтүшү менен жоголот" дегендей кооптонбой койсо болобу? Балдар мындай сөздөрдүн маанисин түшүнөбү? Балдар башкалардын сөгүнүүсүнө жана өздөрүнүн сөздөрүндөгү сөгүнгөн сөздөргө кандай карайт? Мунун себеби эмнеде, бул көрүнүштүн тамыры эмнеде? Мугалим бул боюнча бир нерсе кылышы керекпи? Эгер ошондой болсо, эмне кылуусу керек? Тарбиялык чаралар аркылуу оң натыйжага жетишүүгө болобу? Бул маселеде мугалимге ким өнөктөш болот?*

## § 8. 13-сынактын дилбаянга коюлган талаптары:

- **Дилбаян жазуу тили**: катышуучунун тандоосуна жараша кыргыз же орус тилинде жазылат. Дилбаяндын кайсы тилде жазылганы дилбаянды тандоо жана баалоо критерийи болуп эсептелбейт.
- **Дилбаяндын көлөмү**: Стандарттуу чектер менен, шрифттин көлөмү 12, сап аралыгы 1.15 менен дилбаяндын көлөмү А4 форматындагы **3 толук беттен кем эмес** же башкача айтканда **900 сөздөн кем эмес** болууга тийиш
- **Дилбаяндын түзүлүшү**: 3 бөлүмдөн турат – кириш сөз, негизги бөлүгү жана корутунду.
- **Мазмуну:** башка булактардан алып жазылбаган, АВТОРДУН ӨЗ ТЕКСТИН гана камтышы керек. Башка авторлордун чыгармаларынан алынган цитаталар маалымат булагын көрсөтүү жолу менен гана колдонууга жол берилет. Цитаталар дилбаяндын көлөмүнүн 10%дан ашпоого тийиш. Дилбаяндын уникалдуулугу (плагиат жок экендигин) текшерилет.
- **Формасы:** Дилбаяндар WORD программасында электрондук түрдө ГАНА кабыл алынат. Кол жазма, pdf, скандалган же сүрөткө тартылган түрдөгү дилбаяндар КАБЫЛ АЛЫНБАЙТ.
- **Шрифт:** тиби тандалбайт. Кыргыз тилиндеги дилбаяндар кыргыз алфавитинин тамгаларын **(ө, ү, ң тамгалары менен)** колдонуу менен гана жазылууга тийиш.
- **Жасалгаланышы:** текстти оймо-чийме, алкакка алуу жана сүрөттөр менен кооздоо жана текст жазуу алдында титул барагын жасоонун кереги жок.

## § 9. 13-Сынактын дилбаяндарын баалоо критерийлери:

- Теманын толук ачылышы
- Негизги ойду так жана айкын сүрөттөп берүү
- Баяндоо стили (көркөмдүгү)
- Сабаттуу жазылышы
- Андан ары ишке пайдалуулугу, тажрыйбасы
- Дилбаяндын темасын стандарттан тышкаркы ыкма менен ачып берүү

## § 10. 13-Сынактын 1-туруна дилбаяндарды кабыл алуу тартиби

13-Сынактын 1-туруна катышуу үчүн төмөнкү ҮЧ ДОКУМЕНТТИ жөнөтүү керек

1. Жылдын темасы боюнча WORD форматында жазылган ДИЛБАЯН (темасы жана талаптары § 6 көрсөтүлгөн)
2. WORD форматында талаптагыдай толук толтурулган КАТЫШУУЧУНУН СОБОЛДОМОСУ **(№1 ТИРКЕМЕ)** же интерактивдүү PDF **(№2 ТИРКЕМЕ)**
3. Катышуучунун жалпы классындагы окуучуларынын 2023-2024-окуу жылындагы (былтыркы) жетишкендиктери жазылып, мектептин администрациясынын колу коюлуп, мөөрү басылган ТАБЕЛДИН КӨЧҮРМӨСҮ. Табелдин көчүрмөсүн **скандалган же сүрөт түрүндө** салып жибериүүгө болот.
   - Нөлүнчү жана биринчи класстын мугалимдери табелдин ордуна окуучунун тизмесин жөнөтсө болот.
   - Мектепке жаңы ишке кирген мугалимдер (жождорду же колледжи аяктагандан кийин) иштеп жаткан мектеп директорунун же окуу бөлүмүнүн башчысынын колу коюлуп, мектептин мөөрү басылган маалымкат жиберишет.

Сынакка жөнөтүлгөн үч документ тең sdkf.meldesh@gmail.com дареги боюнча **электрондук почта аркылуу** гана кабыл алынат. Документтер электрондук почтанын **бир билдирүүсүнө тиркеме катары** тиркелиши керек. Толтурулган соболдомо же табелдин көчүрмөсү жок болгон учурда дилбаяндар Уюштуруу комитети тарабынан каралбайт.

Документтерди электрондук почта аркылуу жөнөтүү учурунда “Тема” деген жерге (дилбаяндын темасы менен чаташтырбаш керек): **“13-сынакка …** *(мугалимдин аты-жөнү)* **мугалимден**” -деп жазып коюу керек.

Уюштуруу комитети сынакка жиберилген документтердин **сынактын талаптарына шайкештигин** (дилбаянга балл койбойт) текшерет. Бардык үч документ тең ЖОБОнун талаптарына жооп берерин тастыктаган соң, Уюштуруу комитети авторго **дилбаян сынакка кабыл алынгандыгы** тууралуу маалымдайт. Кабыл алынган дилбаянды (автордун аты көрсөтүлбөгөн) калыстар тобунун мүчөлөрүнө баалоо үчүн жөнөтөт. Талапка жооп бербеген дилбаяндар тууралуу Уюштуруу комитети автордун өзүнө себебин маалымдайт же документтерге оңдоолорду киргизүүнү сунуштайт.

Уюштуруу комитети маалыматтарды жана ошондой эле катышуучу менен андан аркы кат жазышууларды ага электрондук почта же WhatsApp аркылуу жөнөтөт. Эгерде автор 3 күндүн ичинде дилбаяны сынакка кабыл алынгандыгы же кабыл алынбагандыгы жөнүндө маалыматты албаса, демек, **материалдар Уюштуруу комитетине түшкөн эмес.**

## § 11. 13-Сынакты өткөрүү мөөнөтү, убактысы жана өтө турган жери:

**БИРИНЧИ ТУР:**

- Дилбаяндарды кабыл алуу – 2024-жылдын 1-ноябрынан **2025-жылдын 28-февралына чейин**.
- Дилбаяндарды калыстар тобунун мүчөлөрүнүн баалоосу – 2025-жылдын 21-мартына чейин.
- Уюштуруу комитетинин балл эсептөө мөөнөтү – 2025-жылдын 31-мартына чейин.
- Катышуучуларга 1-турдун жыйынтыктарын жарыялоо – **2025-жылдын 4-апрели**.

**ЭКИНЧИ ТУР жана ЖЕҢҮҮЧҮНҮ СЫЙЛОО САЛТАНАТЫ**:

- Болжолдуу түрдө 2025-жылдын 19- же 26-апрели (ишемби). 13-Сынактын 2-турунун жана жеңүүчүнү сыйлоо аземинин орду 1-турдун жыйынтыгы менен бирге жарыяланат.


**МААЛЫМАТ АРТТЫРУУЧУ САЯКАТТАР:**

- 1-орунду ээлеген жеңүүчүнүн саякаты 2025-жылдын ичине пландалган, тагыраак датасы жеңүүчү менен макулдашылган соң аныкталат.

- Жеңүүчүнүн саякаты (1-орун) жана Лауреаттардын окуучулары менен экскурсиясы 2025-жылдын жай айына пландалган. Тагыраак датасы Жеңүүчү жана Лауреаттар менен макулдашылат.

## § 12. 13-Сынагынын жыйынтыктарын жарыялоо

- Сынактын жана маалымат арттыруучу саякаттарынын жүрүшүн Санжарбек Данияровдун коомдук фондунун (СДКФ) сайтында www.daniyarov.kg жана соцтармактарда чагылдыруу
- Фонддун сайтына Биринчи Мугалим менен (мугалимдин каалоосу менен) интервью уюштуруу
- Сайтта, соцтармактарда жана катышуучулардын чатында сынак жөнүндө сынчыл талкуу
- Коомчулукка жана райондук билим берүү бөлүмдөрүнө сынактын жеңүүчүлөрү жөнүндө маалымат таратуу



А.С. Даниярова
Фонддун негиздөөчүсү жана директору